Мен биринчи жолу мектепке баратам!

Автор: Шерил Рао

Сүрөтчү: Мэйур Мистри

Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

Мен биринчи жолу мектепке баратам!

Автор: Шерил Рао
Сүрөтчү: Мэйур Мистри
Которгон жана адаптациялаган: Үмүт Жолдошова

.

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

Rani's First Day at School, Copyright © 2015, Pratham Books түп нусканын негизинде. CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
"Мен биринчи жолу мектепке баратам!" (кыргыз тилинде), Үмүт Жолдошова тарабынан которулуп адаптацияланган. Rani's First Day at School (англисче) чыгарманын негизинде, автору Cheryl Rao, сүрөтчүсү Mayur Mistry. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/98-rani-s-first-day-at-school

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Менин атым Рани. Мен бүгүн биринчи жолу мектепке баратам.

Апам мени колумдан жетелеп алган.

– Мен чоңойдум, колумду коё бериңизчи! – дедим апама.

Апам менин колумду кыса кармады.

Мектептин жанында көп балдар бар экен. Кээ бир балдар мектепке автобус менен, айрымдары машине, мотоцикл менен келиптир. Кээ бирлери мага окшоп жөө келишти.

Биз дарбазага жеттик. Апам менин колумду коё берип, дарбазанын жанында калды. Эми мектепке өзүм кирем. Айланамда чоочун адамдар көп экен.

Мен бир кадам таштадым. Дагы бир кадам таштадым. Артымды кылчайып, апамды карадым. Апам эми кетип калабы? Мен апама кайра чуркадым. Апамдын жанынан кетким келбеди. Мен апамдын колун кармап:

– Апаке, кетпечи! – дедим.

Баары мектепке киришти. Мен сыртта жалгыз калдым. Мугалим чыгып, мага жылмайды. Мен дагы жылмайдым.

– Рани, мен сени ушул жерде күтөм, – деди апам. Мен апамдын колун коё бердим. Апам мага кол булгады.

Мен мектепке чуркадым.

Ооба, мен чыкканда, апам мени күтүп алат!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Шерил Рао
Сүрөтчү: Мэйур Мистри
Которгон жана адаптациялаган:
Үмүт Жолдошова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли